Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти, филология илимдеринин доктору, КР Улуттук илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү **Бакашова Жылдыз Кемеловнанын** 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин "**Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары**" деген темадагы кандидаттык диссертациясына

## КОРУТУНДУ

Эксперт изденүүчү Ажыбаев Артур Шарапидинович тарабынан даярдалган "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" деген темадагы кандидаттык диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертациялык иш диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иштин мазмуну жана илимий-теориялык деңгээли 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү проблемалар орун алган.

**2. Иштин максаты катары** диссертант эпистолярдык формадагы материалдарга ретрореспективалык саресеп салып, анын генезисин, улуттук адабиятыбызда калыптанып, өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талдоого алган. Аталган формага тийиштүү туюнтмаларды жана түшүнүктөрдү аныктап, аларды дүйнөлүк жана орус, кыргыз адабияттарындагы өзү талдаган материалдарга ыктуу колдонуу менен аларды ынанымдуу чечмелеп, далилдүү илимий тыянактарды чыгарган.

**3. Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1. Эпистолярдык форманын генезисине жана изилдениш тарыхына байланыштуу эмгектерди анализдөө;
2. Эпистолярдык форманын жанрдык аныктамаларын, өзүнө таандык белгилерин, түрлөрүн жана өнүгүү эволюциясын талдоого алуу;

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 33/04-8
«21» май 2024 г.

3. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын генезисин, өнүгүү багыттарын талдоого алуу;
4. Жеке адабий каттардын спецификасын, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
5. Кыргыз адабиятынын поэзия, проза жанрындагы эпистолярдык сегменттерди талдоого алуу;
6. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын функцияларын анализдөө.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана ыкмалары ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Диссертант өз максатына жетүү үчүн адабий талдоонун ар кыл ыкма-каражаттарын эптүүлүк менен пайдаланган. Иштин актуалдуулугун так аныктап, изилдөөнүн объектиси болгон эпистолярдык форманын табиятына карата семантикалык, салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык, айрым фактылардан-жалпылоолорду чыгаруу, жалпылдоолордон-фактыларга кайрылуу методдорун колдонгон. Андан сырткары, эпистолярдык форманын теориялык маселелерин иликтөөгө алган.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине ылайык келиши:**

Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башат-булактары, дүйнөдөгү көпчүлүк элдердин адабияттарындай эле, адегенде петроглифтерде жана орток түрк жазма эстеликтеринде жаралып, андан кийин чоң жана кичи эпостордо, алардын туундуларында калыптанып, төкмө акындарда жана жазгыч акындарда жаңыча формаларда улантылгандыктан, алар кесиптик жазма адабияттын ар кандай түрлөрүнө жаңы шарттарга ылайык жеңил-желпи жана кеңири трансформацияланып кеткен. Мына ушулардын негизинде улуттук адабияттын алгачкы жылдарындагы чыгармаларда, мисалы С.Карачев өңдүү калемгерлердин повесттеринде колдонулуп, андан соң 20-30-жылдардагы, Улуу Ата мекендик согуш мезгилиндеги, андан кийинки адабияттын өнүгүү баскычтарында жаралган адабий-көркөм туундулар изилдөөнүн объектиси катары талдоого алынган.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Диссертант кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын жанрдык табиятын, спецификалык белгилерин, өзгөчөлүктөрүн, калыптануу мезгилдерин изилдөөдө аларды дүйнөлүк, орус жана казак адабияттарынын мисалдарына салыштырып талдоодо алты пункттан турган милдеттерди салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый методдор аркылуу иш жүзүнө ашырып, анализдеп, конкреттүү тыянактарды чыгарууга аракет жасаган. Диссертанттын изилдөө методдору изилдөөнүн милдеттерине

толугу менен жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Эпистолярдык форма – адабий көркөм чыгармачылыкта антикадан бери келе жаткан жанр. Анын алгачкы үлгүлөрү жазма чыгармачылыктан мурда башталган, бирок кийин адабият менен бирге өнүгүп, акырындап өз алдынча спецификалык белгилерге ээ болуп, акырындап өзүнчө жанрга айланган. Ал тууралуу дүйнөлүк жана орус, белгилүү деңгээлде казак адабияттаануларында фундаменталдуу эмгектер жаралып, кеңири талдоолорго алынган менен, буга чейин кыргыз адабиятынын алкагында жетиштүү көңүл бурулган эмес. Анын теориялык аспектилерине дээрлик көңүл бурулган эмес, айрым адабиятчы-окумуштуулардын эмгектеринде гана эпистолярдык мурастар жөнүндө учкай сөз болуп келген. Диссертанттын бул изилдөөсү аталган форманы ар тараптуу, системалуу талдоого алган биринчи эмгек катары актуалдуу жана маанилүү.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сынчыл анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Изилдөөчү А.Ажыбаев бул темага байланыштуу чет элдик окумуштуулар (Пешич Радивой, Сент Бёв) орус окумуштуулары (А.Курянович, А.Н.Ковалева, Т.А.Миллер ж.б.), Орто Азия окумуштуулары (Ж.Калижарова, М.Токтогазин) ж.б. эмгектерин ыктуу пайдалана алган. Ошондой эле, кыргыз окумуштуулары К.Артыкбаев, К.Асаналиев, С.Жигитов, А.Акматалиев, О.Ибраимов, С.Тиллебаев ж.б. илимий эмгектери диссертациялык ишке илимий негиз болуп бере алган.

**Илимий натыйжалар**.

Иште филология илиминин өнүгүшү үчүн маанилүү төмөнкүдөй жаңы илимий-теориялык натыйжалар бар:

- Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын генезиси Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде, элдик оозеки чыгармачылыкта, ортоктүрк адабиятынан башталып, жана жазгыч акындардын жана жазуучулардын чыгармачылыктарына трансформацияланган;
- Эпистолярдык форма кыргыз адабиятынын поэзия жанрында лирикалык кайрылуу формасындагы ырларда жана сатиралык кайрылуу формасындагы чыгармаларда жакшы өнүккөн;
- Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма прозалык чыгармаларда ал убактагы тарыхый өзгөчөлүктүн тутумунда кейипкердин ички дүйнөсүнүн, жүрүм-турумунун мотивдерин терең ачып берип, сюжетти динамикалуу, эмоционалдуу өнүктүрүп, чыгарманын көркөм-поэтикалык деңгээлин жогорулатуу максатында колдонулат;
- Адабий каттар кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларында өзүнчө ыкма катары колдонулуп, кейипкерлердин сезим-туюмдарын, моралдык-психологиялык абалдарын, өз ара мамилелерин ж.б. ачып берүү үчүн колдонулса, сүрөткерлер жекече каттарында саясый,

коомдук чоӊ маанилери бар маселелерди көтөрүп, коомчулуктун көӊүлүн бурушкан.

- Диссертант негизинен иштин маӊызына жана максатына шайкеш иликтөө ыкмалары менен методдорду колдонгон. Бул диссертацияда кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма жанр катары алгач ирет системалуу түрдө анализге алынган. Демек, диссертациядагы **тыянактар өз алдынчалыкка ээ жана аларды жаӊы деп эсептөөгө болот**.

Диссертацияда кыргыз адабият таануу илими үчүн олуттуу маанидеги төмөнкүдөй белгилер бар:

1. Кыргыз адабият таануу илиминде эпистолярдык форманын жанр катары, адабий чыгармачылыктагы көркөм ыкма катары функциялары талдоого алынган;
2. Диссертациядагы материалдардын жана маалыматтардын көбү жаӊы;
3. Илимий иштин тыянактары улуттук адабият үчүн пайдалуу;
4. Диссертация адабият таануунун милдеттерине жана максаттарына толугу менен туура келет;
5. Илимий иштин жыйынтыктарын адабият таанууга натыйжалуу колдонсо болот.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациянын жыйынтыктарын жогорку окуу жайларында, орто мектептерде адабият сабагын окутууда, адабий курстарды уюштурууда, курстук жана квалификациялык иштерди жаздырууда колдонууга болот. Филология багытындагы изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттерге илимий-теориялык материал болуп бере алат. ЖОЖдордогу “Кыргыз адабияты” курстары боюнча лекция, семинардык сабактарды өтүүдө көмөкчү материал катары пайдаланууга болот.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган.**

1. **Ажыбаев, А.Ш.** “Эрксиз күндөрдөгү” эпистола” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев// КРУИАнын Кабарлары, 2022. – №2. –122-126-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49772351
2. **Ажыбаев, А.Ш.** “Б.Сарногоевдин чыгармачылыгындагы эпистолярдык форманын орду” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // КР УИА нын Кабарлары, 2022-жыл, № 2.– 34-38-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50178715
3. **Ажыбаев, А.Ш.** “Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги эпистолярдык форманын кыргыз адабиятындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрү” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев// КР УИА нын Кабарлары, 2023-жыл, № 2. – 103-109-б. https: // www. elibrary. ru/item. asp?id=53699886

4. **Ажыбаев, А.Ш.** “Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башат-булактары” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // БГУ жарчысы, 2023. - №2(64). – 55-159-б. Vestnik_bgu@mail.ru
5. **Ажыбаев, А.Ш.** “Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын типтери” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // Б.Осмонов атындагы ЖАГУнун Жарчысы 2023. - №3.
6. **Ажыбаев, А.Ш.** “Кыргыз адабиятынын проза жанрындагы эпистолярдык форма” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев //«Alatoo Academic Studies» 2023. - №3,–191-204-б. https://aas.alatoo.edu.kg/
7. **Ажыбаев, А.Ш.** “Генезис эпистолярной формы” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // «Международный журнал гуманитарных и естественных наук» № 9-2 (84) сентябрь 2023. https://cyberleninka.ru/article/n/genezis-epistolyarnoy-formy
8. **Ажыбаев, А.Ш.** “Эпистолярная форма в творчестве Ч.Айтматова” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // «Международный журнал гуманитарных и естественных наук» № 1-3 (88) январь 2024. https://cyberleninka.ru/article/n/genezis-epistolyarnoy-formy

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине шайкеш келет.

**Айрым мүчүлүштүктөр**

Биринчи баптын биринчи жана экинчи бөлүмдөрүндө орус жана чет элдик адабияттарга мүнөздүү болгон илимий-теориялык материалдар кеңири колдонулган. Бул жагдай кыргыз адабиятында аталган формага байланыштуу толук кандуу изилдөөлөрдүн дээрлик жоктугунан жаралгандай. Диссертант өз эмгегинде коомдун жана адабияттын өнүгүүсүнө өзгөчө чоң таасирин тийгизип, жанрдын классикалык үлгүлөрүнө айланган П.Я. Чаадаевдин “Философские письма”, В.Белинскийдин “Гоголго кат”, Дж.Нерунун үч томдук “Взгляд на всемирную историю. Письма к дочери из тюрьмы” деген эмгектерин, Т.Манндын каттарынын жыйнагын, И.Сталин менен У.Черчиллдин бири-бирине жазган каттарын ж.б. атай кетсе туура болмок. Кыргыз акын-жазуучуларынын согуш мезгилинде бири-бирине жазган каттары да өзүнчө жыйнак болуп чыккан. Мына ошолорго ретрореспективдүү саресеп салына кетсе, эмгектин салмагы артмак. Бул бапка кыргыз адабиятындагы айрым илимпоздордун көз караштарынан кошуу зарылдыгы да бар.

Экинчи баптын экинчи бөлүмүндө адабий каттардын спецификасы талдоого алынган. Менимче, бул бөлүмгө кыргыз калемгерлеринин архивде сакталып жаткан, буга чейин жарык көрбөгөн каттарынан дагы кошуу керек. Элдик оозеки чыгармалардагы чакыруу, кабар берүүлөрдү эпистолярдык жанрга кошуу максатка толук ылайык келүүсү өзүнчө тактоону талап кылат. Чакыруулар, кабарлар менен каттардын ортосунда функционалдык

айрымачылыктар чоң. Анда телеграммалар деле эпистолярдык чыгармалар деп эсептелүүсү керек.

Үчүнчү бап кыргыз профессионал жазма адабиятынын, асыресе, кыргыз поэзиясы менен прозасындагы каттардын колдонулуш өзгөчөлүктөрүнө арналган. Биздин оюбузча, бул бапка дагы башка калемгерлердин кат формасындагы чыгармаларын кошуп, талдоого алуу – ашыкча болбойт.

Диссертант кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын анализге алып жаткандан кийин, азыркы мезгилдеги айрым көркөм туундулардагы электрондук каттарды анализге алса жакшы болмок.

Айрым орус илимпоздору акыркы убактарда адабиятта эпистолярдык жанрдын жок болуп баратканын белгилешүүдө. Эмне үчүн? Диссертант буга жооп издеп, акыбалы жетишинче анын обьективдүү жактарын чечмелесе туура болмок.

Жогоруда айтылган мүчүлүштүктөр иштин жалпы мазмунуна терс таасирин тийгизе албайт. Иштин структурасы ушул турушунда эле жыйнактуу, системалуу. Диссертант оюн так формада сыпаттап, илимий стилде ынанымдуу айткан, эмгек көздөгөн максат-милдеттерине толук жеткен. Диссертация талапка жооп берет жана аны жактоого сунуш кылса болот.

**Сунуштар:**

- Биринчи баптагы айрым теориялык материалдарды кыскартып койсо болчудай;
- Экинчи бөлүмгө жогоруда айтылгандарды киргизүү зарыл. Каттардын классификациясы дүйнөлүк, орус адабияттарынын мисалдарында берилгендиктен, кыргыз адабиятындагы каттардын бөлүнүштөрү унутта калган. Алардын канчасы биздегилерге мүнөздүү, канчасы ылайык келбейт, аны да тактап, бөлүштүрүп чыгуу зарыл;
- А.Чеховдун кыштактагы чоң атасына кат жазган “Ванькасы” көркөм чыгармалардын тутумунда талданиуусу зарыл.
- Азыркы адабий чыгармаларда эпистолярдык материалдардын азаюусунун себебин, болгондорунан мисалдарды келтирип, талдоону, алардын классикалык үлгүлөрдөн айрымачылыктарын чечмелөөнү сунуш кылам.

  Диссертациялык иштин теориялык бөлүгүн бекемдөө максатында төмөнкү адабияттар менен таанышып чыгууну сунуш кылам:

  1. П.Я. Чаадаев , “Философские письма”
  2. В.Г.Белинский, “Письмо к Гоголю”.
  3. Дж.Неру, Взгляд на всемирую историю.Письма к дочери из тюрьмы. В трёх томах.
  4. Кыргыз акын-жазуучуларынын согуш мезгилинде жазган каттарынын жыйнагы.
  5. Ж.Абдрахмановдун И.Сталинге жазган каты.

6. У.Черчилль, Второя мировая война в 6-томах). Анын ичиндеги Сталин, Рузвельт менен жазышкан каттары.
7. Т.Манн, Письма, 1 томдук.
8. А.Чехов, “Ванька”.
9. Теориялык негиздемелик бөлүмгө Сенека, Овидийдин ж.б.кат формасындагы чыгармаларын да атай кетүү керек.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча илимий кадрлары бар И.Арабаев атындагы КМУнун “Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары” кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

Биринчи расмий оппонент катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: ф.и.д., профессор С. Искендерованы (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылам.

**Профессор С. Искендерованын илимий эмгектери:**

[Искендерова С. XX кылымга чейинки кыргыз кол жазма адабияты менен фольклорунун айрым маселелери. [Текст] / С.И.Искендерова. – Бишкек, – 2005.

[Искендерова С. Фольклордук поэтика жана жазма адабият. [Текст] / С.И.Искендерова. – Бишкек, 2015, –274 б.]

[Искендерова С. Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы. [Текст] / С.И.Искендерова. – Бишкек, - Б., 2010. - 275 б.]

Экинчи расмий оппонент катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: – филология илимдеринин кандидаты Нурзат Казакованы (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылам.

**Нурзат Казакованын илимий эмгектери:**

[Казакова Н. XIX кылымдагы кыргыз адабиятын окутуудагы көйгөйлүү жагдайлар [Текст] / Н Казакова. – Вестник Бишкекского гуманитарного университета, 2015.

[Казакова Н. XIX век: киргизские литераторы, изданные в Уфе и Казани [Текст] / Н. Казакова. – Международный журнал экспериментального образования, – 2017. [Электронный ресурс] / Режим доступа: https://s.expeducation.ru/pdf/2017/2017_3_2.pdf#page=46]

[Казакова Н. Жеңилбес рух, күчтүү эрк (Ч. Айтматовдун" Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" жана Э. Хемингуэйдин" Чал жана деңиз" чыгармаларынын мисалында). [Текст] / Н Казакова. –Alatoo Academic Studies 7 (2), 44-51]

**Сунуштамалар:**

Диссертациянын кеңейтилген вариантынын өзүнчө монография катары жарык көрүшү максатка ылайыктуу.

**Корутунду:**

Диссертациянын материалдары жетиштүү. Тема толук иштелип чыккан. Иштин актуалдуулугу жана жаңылыгы талаш туудурбайт. Диссертант Артур Ажыбаев өзүнүн изилдөөсүндө илимий маселелерди ар тараптуу жана жетиштүү талдоодон өткөргөн. Анализге алынган ар бир маселе боюнча жеке көз караштарын билдирүүгө аракет жасаган. Иштин илимий-теориялык деңгээли жакшы, илимий аппараты кенен, практикалык мааниси бар. Диссертацияны кыргыз адабият таануу илимине кошулган алгылыктуу салым деп эсептесе болот.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешине 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары"** деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кыламын.

**Эксперт, филология илимдеринин**
**доктору, КР Улуттук илимдер**
**академиясынын**
**корреспондент мүчөсү** **Ж.Бакашова**
**20. 05. 2024 ж.**

***Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын***

**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**